# Сани-шанс



Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Юлия Рыбалова

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Сани-шанс

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Юлия Рыбалова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022


Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сани-шанс" (кыргыз тилинде), автору Мира Кокоева, сүрөтчү Юлия Рыбалова, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Сани-шанс*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.




– Менде бир мандарин калды. Ким жегиси келет? – деп кыйкырды Эмин. Каалоочулар үчөө болуп чыкты.

– Ойнойбуз!

– Марс-супер-класс!

– Таш! Кайчы! Кагаз! – деп Марс, Аза жана Нур мелдеше кетишти.

– Ура! – Жеңдим! Мен жейм! – деп Марс кубанып кетти.




– Укчу, Марс, сен азаматсың! – деди  Сана.

– Азыр эмне деп айттың?

– Бул – менин сыйкырдуу сөзүм. Өзүм ойлоп таптым. Жеңиш керек болгондо, сыйкырдуу сөз мага жардам берет.

– Ошондойбу? Эгер мен да сыйкырдуу сөздү пайдалансам, текшерүү ишти жакшы жазамбы? Мелдештерде да биринчи орунга чыга аламбы? – деп таң калуу менен сурады Сана.


– Мен аны билбейм, – деп жооп берди Марс, мандаринин акырына чейин жеп бүтүп.



– Мен дагы сыйкырдуу сөз табышым керек экен, – деп сүйүнүп кетти Нур, балдардын сөзүн укканда.

– Нур-чур-завинур! – деди Нур.

– Силер чын айтып жатасыңарбы? Сөзайтып койсо эле, заматта баары чечиле калмак беле? Ха! – деди Аза. – Макоолор, бул дүйнөдө баары эле силер ойлогондой болбойт!



– Ата, мага бир сыйкырдуу сөз керек болуп жатат, – деп суранды Сана үйгө келгенде.

– Эмнеге? – деп сурады атасы.

– Керек,ал мага жардам берет.

– Эгер, чын эле жардам берсе....Сана-круасана! Сана-банана!

– Ата! Бул – сыйкырдуу сөз эмес! Сиз жөн эле тамашалап жатасыз, – деп капа боло түштү Сана.

– Апа, сиз айтыңызчы?

– Билбейм. Мүмкүн, Сана – супсулуу! Сен менин сулуу кызымсың да.

– Бул дагы болбойт! – Сана колун шилтеди.

– Сана – сыйкырчы. Сана – супер, – деп улантты атасы.

– Болбо-ойт, атаке! Сана таарынып калды.

– Сани-бер-шанс! – деп сунуш кылды байкеси.

– Ух! – деп кыйкырып жиберди кубанганынан Сана. – Оо! Бул мага жакты! Сонун угулат экен! Рахмат! – деди ал сүйүнгөнүнөн.



Эртеси физкультура сабагында аркан менен чыгуу болчу. Нур өзүнүн сыйкырдуу сөзүн айтып, аркан менен оңой эле чыгып кетти. Аза чыга албай бышылдап арканга араң эле асылып турду.


Сана мурда аркандын жарымына чейин гана чыга алчу. Бирок бүгүн аркандын башына чейин оңой эле чыгарына ишенип турду. Кезек Санага келди.

– Алга! Сани-бер-шанс! – деп угуза айтты да, арканга ишенимдүү жармашып чыга баштады.

– Ура! Чыктым! – деп кыйкырды Сана аркандын башына жеткенде. «Сыйкыр сөз жардам берет тура», – деди өзүнө таң кала.

– Мына эмесе! Азаматсың! – деп Умми курбусу аны колдоп кыйкырып жатты.

– Бул менин сыйкырымдын күчү, – деп Сана анын кулагына шыбырады.




– Азыр доскага мисалды... Сана чыгарат, – деди мугалими.

– Сани-бер-шанс, Сани-бер-шанс... – деп шыбырап баратты Сана доскага жеткенче.

– Эмнеее? – деп түшүнбөй  жатты Умми, бирок ал Санага ийгилик каалады.

Сана мисалды оңой эле эсептеп чыгарып, эң жакшы баа алды.

“Мына эмесе! Сыйкыр сөз дагы жардам берди!” – деп ойлоп, Сана өз күчүнө өзү ишене баштады.

– Азаматсың, Сана! – деп ал үчүн курбусу Умми абдан сүйүнүп калды.

– Сен дагы сыйкыр сөз айтсаң болот. Мисалы, Умми-суми-бер! Сенин иштериң дагы жакшы чечиле баштайт! – деп сунуш кылды Сана. Ал курбусун жакшы көргөндүктөн, дайым ийгиликтүү болушун  каалайт.

– Сана…– деп жылмая карады Умми. – Менде пироженое бар? Жейсиңби?

– Мен аны утуп алайынбы? Карап тур! Эй, балдар, ким пироженое уткусу келет? Келгиле, мелдешебиз! – деди Сана балдарга.

Нур, Аза жана Марс үчөө тең келип калышты.

– Нур-чур-завинур!

– Марс-супер-класс!

– Сани-бер-шанс!

– Таш, кайчы, кагаз!

– Демек, мен уттум! – деп Аза, пироженоени алып койду.


– Кантип? Сен ута албайт болчусуң! – Сананын ачуусу келе түштү, – Сенин эч кандай сыйкыр сөзүң  жок!


– Мен силерге айткамын! Дүйнөдө баары эле силер ойлогондой болбойт. Кандай дейсиңер? – Аза пирожноени  жей баштады.

– Ошондойбу?… – деди көңүлү чөгө түшүп Сана.

Нур жана Марс Азага күлүп карапкалышты.

– Ал бизди алдап койду. Чын эле! – деп ичи тарый түшүп, балдар ашканага чуркап  кетишти.





– Эч качан сыйкыр жардам бере албайт. Өзүң гана аракет кылышың керек, – деди Умми курбусуна, анын капа болуп калганын көрүп.

– Эми түшүнүктүү, – деп жооп берди Сана. – Мен эми өзүм гана аракеттенем.

«Умми кандай акылдуу», – деп ойлоду Сана, курбусун карап. «Балким, Сани-бер-шанс же Сани-шанс-бер-хан…», деш керек беле?... – деп ойлой берди Сана.

Сен кандай ойлойсуң? Санага сыйкырдуу сөз жардам бердии же өзү аракет жасадыбы?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Юлия Рыбалова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - **3.1 деңгээли**
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли